ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№4 ПРОТОКОЛУ**

*27-декабрь, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 33 мүчөсүнөн 28 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. 2019-жылдагы факультеттеги илимий-методикалык изилдөө иштеринин жыйынтыгы жана келечектеги милдеттери (*Баяндамачы: ф.-м. и. к., доцент Беделова Н.С.*);
2. Алгебра жана геометрия кафедрасындагы окуу методикалык, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттер *(Баяндамачы: комиссиянын төрайымы МИОТжББМ кафедрасынын доценти, п.и.к. Келдибекова А.О.);*
3. Ар түрдүү маселелер;
4. Конкурстук шайлоолор.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-2-маселелерге 10-15 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**
МИТ факультетинин илимий иштери боюнча декандын орун басары, доцент Н.С. Беделова тарабынан 2019-жылдык илимий отчету угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*:. Отчетту канааттандырарлык деп белгисе болот. ОшМУнун журналынан канча макала жарык көрдү?
*Жооп:* ОшМУнун илимий журналынан окутуучуларыбыздын бир нече макалалары жарык көрдү. Андан сырткары магистранттардын, аспиранттардын илимий макалалары жарык көрдү.
*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: ИИИ боюнча кафедралар аккредитацияга даярбы?
*Жооп:* толугу менен даяр деп айтсам болот. Себеби ар бир кафедранын координаторлору тиешелүү документтерди өздөрү сайтка коюп жатышат. Андан сырткары жалпы иш-чараларды да коюп жатабыз. Даярдык жакшы эле.

**Талкуулоо:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: чындыгында бул жылы өтө чоң көлөмдөгү отчет талкууланды. Бул деген сөз илимий багыттар иштер бир топ алдыга жылып жатат десек жаңылышпайбыз. Математиктер үчүн атайын бир журнал чыгарсак да жакшы болмок.

*Сопуев У. (МИТ факультетинин деканы, доцент)*: scopus” жана “web of science” боюнча семинарларды уюштуруу зарыл деп эсептейм.

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинде 2019-жыл үчүн илимий-изилдөө иштердин жыйынтыктарынын отчету боюнча Н.С. Беделованын баяндамасы жактырылсын жана отчету канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Кафедраларда илимий-методикалык семинарларды, конференцияларды өткөрүү күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары);
3. Студенттерди аймактык, эл аралык жана дүйнөлүк олимпиадага даярдоо ийримдеринин иши күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары);
4. Студенттерди макала жазууга, конференцияларга катыштырууга жана долбоорлор менен иштөөгө үйрөтүү үчүн ар бир окутуучу жакындан жардам берүүсү милдеттендирилсин (жооптуулар: кафедра башчылары);
5. Факультеттин мүчөлөрүнүн “Web of science, Scopus” системаларын жогорку деңгээлде пайдаланылышы күчөтүлсүн;
6. Отчет боюнча чыгарылган SWOT-анализ факультеттин стратегиялык планында эске алынсын;
7. Окумуштуулар Кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө декандын илимий иштери боюнча орун басары Н.С. Беделовага жүктөлсүн;
8. “Физика-математикалык жана техникалык илимдер” сериясын чыгаруу факультет тарбынан колдоого алуу маселеси жактырылсын; редакциялык коллегияга мүчөлөрдү сунуштоо ишке ашырылсын; Серия: “Физико-математические и технические науки”.

**2-маселе**

**Угулду:**

Экинчи маселе боюнча математика жана информациялык технологиялар факультетинин «Алгебра жана геометрия» кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалын текшерүү боюнча комиссиянын төрайымы, МИОТжББМ кафедрасынын доценти, п.и.к. Келдибекова А.О. билдирүү жасады (сравка тиркелет).

Комиссия Математика жана информациялык технологиялар факультетинин «Алгебра жана геометрия» кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалын текшерип, төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасындагы окуу-усулдук, илим-изилдөө жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн жана аккредитацияга даярдыктын абалын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча комиссиянын бүтүмү канааттандырарлык деп табылсын;
2. Дисциплиналардын ОМКларына түзөтүү киргизилсин;
3. 510100 “Математика” магистрдик багыты үчүн мобилдүүлүк боюнча иштери жандандырылсын;
4. ОшМУнун сайтындагы кафедранын баракчасы толукталсын, бардык маалыматтар үч тилде (кыргыз, орус, англис) жарыялансын;
5. Окутуучулардын өз ара катышуусу күчөтүлсүн;
6. Жогорудагы айтылгандардын аткарылышы кафедра башчысы Т.М. Папиевага жүктөлсүн.

**3-маселе**

**Ар түрдүү маселелер**

а) ОшМУнун Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Көчкөнбаева Буажар Осмоналиевнанын доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитүү жөнүндө.

**Угулду:**

Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Көчкөнбаева Буажар Осмоналиевнанын илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

*Сопуев У.А.(факультеттин деканы, доцент):* бул маселе боюнча Программалоо кафедрасынан билдирүү келип түштү. Мында Көчкөнбаева Буажар Осмоналиевнанын доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитип берүү суралган. Илимий кеңешчисинин макулдугу жана кафедранын кеңешмесинин баянынан көчүрмө бар. Көчкөнбаева Буажар Осмоналиевнанын илимий кеңешчиси жана илимий темасы такталган:

- илимий кеңешчиси: т.и.д., профессор Шаршеналиев Ж.
- илимий темасы: «Математическое моделирование и разработка синтаксического анализатора для построение параллельного корпуса в задачах машинного перевода с английского на кыргызский язык».

Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Көчкөнбаева Буажар Осмоналиевнанын илимий кеңешчиси катары т.и.д., профессор Ж. Шаршеналиевди жана 05.13.18 – математикалык моделдөө, сандык ыкмалар жана программалар комплекси адистиги боюнча «Математическое моделирование и разработка синтаксического анализатора для построение параллельного корпуса в задачах машинного перевода с английского на кыргызский язык» аттуу илимий темасын бекитип берүү сунушун Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнө колго салалы.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**Ч Е Ч И М:**

1. ОшМУнун МИТ факультетинин Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Көчкөнбаева Буажар Осмоналиевнанын 05.13.18 – математикалык моделдөө, сандык ыкмалар жана программалар комплекси адистиги боюнча «Математическое

моделирование и разработка синтаксического анализатора для построение параллельного корпуса в задачах машинного перевода с английского на кыргызский язык» деген илимий темасы бекитилсин жана илимий кеңешчиси болуп т.и.д., профессор Ж. Шаршеналиев дайындалсын;

2. Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

б) ОшМУнун МИОТжББМ кафедрасынын улук окутуучусу Тагаева Дамира Абылкасымовнанын доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитүү жөнүндө.

**Угулду:**

МИОТжББМ кафедрасынын улук окутуучусу Тагаева Дамира Абылкасымовнанын илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

*Сопуев У.А.(факультеттин деканы, доцент):* бул маселе боюнча МИОТжББМ кафедрасынан билдирүү келип түштү. Мында Тагаева Дамира Абылкасымовнанын доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитип берүү суралган. Илимий кеңешчисинин макулдугу жана кафедранын кеңешмесинин баянынан көчүрмө бар. Тагаева Дамира Абылкасымовнанын илимий кеңешчиси жана илимий темасы такталган:

- илимий кеңешчиси: п.и.д., профессор Калдыбаев С. К.
- илимий темасы: «Орто мектепте геометрияны турмушка байланыштырып окутуу аркылуу окуучулардын түйүндүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий негиздери».

МИОТжББМ кафедрасынын улук окутуучусу Тагаева Дамира Абылкасымовнанын илимий кеңешчиси катары п.и.д., профессор Калдыбаев С. К. жана 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы “Математика” адистиги боюнча «Орто мектепте геометрияны турмушка байланыштырып окутуу аркылуу окуучулардын түйүндүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий негиздери» аттуу илимий темасын бекитип берүү сунушун Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнө колго салалы.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**Ч Е Ч И М:**

1. ОшМУнун МИТ факультетинин МИОТ ж ББМ кафедрасынын улук окутуучусу Тагаева Дамира Абылкасымовнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы “Математика” адистиги боюнча «Орто мектепте геометрияны турмушка байланыштырып окутуу аркылуу окуучулардын түйүндүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий негиздери» деген илимий темасы бекитилсин жана илимий кеңешчиси болуп п.и.д., профессор Калдыбаев С. К дайындалсын;

2. Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

**4- маселе**

**Конкурстук шайлоолор:**

1) МИТ факультетинин информатика кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Ободоева Гүмүшай Сансызбаевны аталган кафедранын доценти кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-27

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

“Жараксыз”-1

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин информатика кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Ободоева Гүмүшай Сансызбаевны аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин информатика кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Ободоева Гүмүшай Сансызбаевны аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

2) МИТ факультетинин информатика кафедрасынын улук окутуучусу Жакыпбекова Атыргүл Талиповнаны аталган кафедранын улук окутуучулук кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-27

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

“Жараксыз”-1

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин информатика кафедрасынын улук окутуучусу Жакыпбекова Атыргүл Талиповнаны аталган кафедранын улук окутуучулук кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин информатика кафедрасынын улук окутуучусу Жакыпбекова Атыргүл Талиповнаны аталган кафедранын улук окутуучулук кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.